**Кемин районунун 2025-жылдын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыгы жөнүндө маалымат**

2025-жылда Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын аткарылган иштери Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарынын алкагында жүргүзүлүп, Кемин районунун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүн аткарууга жана калктын жашоо денгээлин жогорулатууга багытталган.

2025-жылдын 12 - айында **мамлекеттик бюджеттин** киреше бөлүгүнүн планы 1232926,4 миң сомго бекитилген, аткарылышы 1243357,4 миң сомду түзүп 100,8 % аткарылды, ал эми анын ичиндеги республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 898246,3 миң сомго бекитилип, аткарылышы 899341,2 миң сомду түзүп 100,1 % аткарылды. Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы 334680,1 миң. сомго бекитилип, аткарылышы 344016,2 миң сомду түзүп 102,8 пайызга аткарылды.

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгү 2024-жылдын 12 - айында салыштырмалуу 277605,2 миң сомго көп чогултулду, өсүү темпи 128,7 пайызды түздү, республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 224079,1 миң сомго көп чогултулду, өсүү темпи 133,2 пайызды түздү жана жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 53526,1 миң сомго көп чогултулду, өсүү темпи 118,4 пайызды түздү.

| Аталышы | **2024 жылдын 12-айдын жыйынтыгы** | | | **2025 жылдын 12-айдын жыйынтыгы** | | | **Өсүү темпи** | **Факт+-.** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **План** | **Факт** | **%** | **план** | **Факт** | **%** | | |
| Мам. бюджет | 927 805,7 | 965 752,2 | 104,1 | 1 232 926,4 | 1 243 357,4 | 100,8 | 128,7 | 277605,2 |
| Респ. бюд-т | 675 194,1 | 675 262,1 | 100,0 | 898 246,3 | 899 341,2 | 100,1 | 133,2 | 224079,1 |
| Жерг. бюджет | 252 611,6 | 290 490,1 | 115,0 | 334 680,1 | 344 016,2 | 102,8 | 118,4 | 53526,1 |

2025-жылдын 12 - айында камсыздандыруу төгүмдөрүнүн планы 457480,6 миң сомго белгиленген, факты боюнча 463876,9 миң сомго аткарылып 101,4 пайызды түздү, анын ичинен камсыздандыруу полистеринен планы 7312,7 миң сомго белгиленип факты боюнча 8417,0 миң сомго аткарылып 115,1 пайызды түздү, дыйкан чарбалардын төгүмдөрүнүн планы 4042,9 миң сомго белгиленип, факты боюнча бюджетке түшкөнү 2390,3 миң сомго аткарылып 59,1 пайызды түздү.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн 2024- жылдын 12 айында салыштырмалуу 52406,3 миң сомго көп чогултулуп, өсүү темпи 112,7 % түздү, камсыздандыруу полистеринен 2503,2 миң сомго көп чогулду, өсүү темпи 142,3 % болду жана дыйкан чарбалардын төгүмдөрүнөн -3520,6 миң сомго аз чогулду, өсүү темпи 40,4 % түзгөн.

| Аталышы | **2024 жылдын 12-айдын жыйынтыгы** | | | **2025 жылдын 12 айдын жыйынтыгы** | | | **Өсүү темпи** | **Факт +-.** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **план** | **факт** | **%** | **план** | **Факт** | **%** | **%** | |
| Камсыздандыруу төгүмдөрү | 399192,4 | 411740,6 | 103,1 | 457480,6 | 463876,9 | 101,4 | 112,7 | 52406,3 |
| камсыздандыруу полистери | 5675,4 | 5913,8 | 104,2 | 7312,7 | 8417,0 | 115,1 | 142,3 | 2503,2 |
| дыйкан чарбалардын төгүмдөрү | 6929,5 | 5910,9 | 85,3 | 4042,9 | 2390,3 | 59,1 | 40,4 | -3520,6 |

2025-жылдын 12 – айына карата салык карыздарын өндүрүү жана кыскартуу үчүн төмөнкү иш-чаралар аткарылды: 2962 чарба ишканага карыздар жөнүндө маалымдама 31710,8 миң сомго берилди. Берилген маалымдаманын негизинде 905 чарба ишканадан 10025,2 миң сом өндүрүлдү. Салык карыздарын өндүрүү үчүн сотко 85 чарба ишканасынан 2061,3 миң сомго иш жөнөтүлүп, бюджеттин эсебине 65 чарбалык субъектке 2201,4 миң сомго чечим чыгарылды. Карызы бар 454 салык төлөөчүлөрдүн эсеп счетуна 14209,6 миң сомго СТТ коюлуп, 134 салык төлөөчүлөрдөн 4223,4 миң сом өндүрүлдү.

Бардыгы болуп аткарылган иштердин натыйжасында 1643 чарба субъекттинен 14248,6 миң сомдук салык карызы өндүрүлдү. 2024-жылдын 12 - айына карата салыктык карыздын көлөмү 161462,8 миң сомду түзүп, 2025-жылдын 12- айына карата 174355,2 миң сомду түзүлду.Анын ичинен ири салык карызы барлар кийинки: юридикалык жактар ЖЧК “ Манас Хендлинг” – 134 119225,0 сом .ЖЧК “ Кемин НПЗ” -5271577,0 сом, МП "Орловское теплоснабжение”-10935866,0 сом

2025-жылдын 12 айына карата камсыздандыруу төгүмдөрүнүн карыздарын өндүрүү жана кыскартуу үчүн төмөнкү иш-чаралар аткарылды: 598 чарба субъектиге карыздар жөнүндө маалымдама 15937,2 миң сомго берилди. Берилген маалымдаманын негизинде 169 чарба субъекттинен 11001,8 миң сом өндүрүлдү. Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн карыздарын өндүрүү үчүн банктык эсеп счетуна 8150,6 миң. сомго 169 чарбалык субъектке коюлду. 14,0 миң сомго админстративдик айып 5 чарбалык субъектке салынып, 5 субъекттен 6,3 миң сом өндүрүлгөн.

Бардыгы болуп аткарылган иштердин натыйжасында 286 чарба субъектинен 18399,22 миң сомдук камсыздандыруу төгүмдөрүнүн карызы өндүрүлдү.

2025-жылдын 31 июлундагы № 185 Кыргыз Республикасынын “Калктын жана ишкердик субъекттердин салыктык түйшүгүн азайтуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамына ылайык 2025-жылдын 12 айына карата МСКнын Кемин району боюнча башкармалыгынын чечиминин негизинде 2498 салык төлөөчүнүн 6996,1 миң сом салык карыздары эсептен чыгарылган.

2025-жылдын 12 - айында 20 көчмө текшерүү жүргүзүлдү, текшерүүнүн жыйынтыгында 152645,8 миң сомго кошумча эсептелинип бюджетке 1557,2 миң сом түштү.

2025-жылдын 12 - айында 202 камералдык текшерүү жүргүзүлдү, текшерүүнүн жыйынтыгында 21 374,45 миң сомго кошумча эсептелинип бюджетке 9482,7 миң сом өндүрүлдү.

Бардыгы болуп бюджетке 11039,9 миң сом түштү.

2025-жылдын 12 айында рейддик салыктык контроль жүргүзүүнүн жана контролдук сатып алуулардын жыйынтыгында 130 чарба субъект тарабынан тартип бузуу аныкталган, анын ичинен;

- чек бербей коюу боюнча 87 ишкер;
- уруксат кагазы жок алектенген 3 ишкер;
- башка укук бузуулар - 31 ишкер;
- ККМди колдонбогон – 4 ишкер;
- Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча – 5 ишкер

Башкармалыкта 662 ККМ-онлайн катталган. Чарбакер субъект тарабынан ККМ-онлайн, ЭТТК жана ЭЭФтин таризделишине күн сайын талдоо жүргүзүлүп, маалымат системасынан алынган маалыматтардын негизинде рейддик текшерүүлөр жүргүзүлүп турат. Башкармалыктын бардык кызматкерлерин соода түйүндөрүнө товарларга байкоо жүргүзүп, азык-түлүк продукцияларынын колдонулушун контролго алып, аларга карата ЭЭФтин жазылышы боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

Кемин районунун 2025-жылдын 12-айындагы **жергиликтүү бюджеттеринин киреше бөлүгү** 104% аткарылыды. 2025-жылдын 12-айына ЖӨБО бекитилген бюджеттин планы 424 506,5 миң сом, такталган планы 495 184,8 миң сомду түзүп, аткарылышы

516 159,1 миң сом, ашыгы менен аткарылган суммасы 20 974,3 миң сом. 2024-жылдын 12-айына салыштырмалуу (436 710,8 миң сом) өсүү темпи 118% түзүп, же 79 448,3 миң сомго көп. Планды аткарган ЖӨБО: Кемин мэриясы – 100%, Орловка мэриясы – 104%, Кичи-Кемин а/ө – 110%, Кызыл-Октябрь а/ө – 108%, калган айыл өкмөттөр планды аткарган жок, Чон-Кемин а/ө – 97%, Чым-Коргон а/ө – 94%. План аткарылбаган салык жана салык эмес төлөмдөр:
- Жанаша, короо жай жана багбанчылык-огород жер участокторуна мүлк салыгы – 87%;
- Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн жыйым – 85%;
- Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жерлерин иштетүү үчүн ижара акысы – 91%
- Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын, курулмалардын, жабдуулардын жана техникалардын ижара акысы – 52%;
- Дагы башка мүлк ижарасы үчүн акы – 0%;
- Алкоголдук продукцияны сатууга лицензия алган субъекттерден этил спирттин жана алкоголдук продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү боюнча ишти ишке ашыруу үчүн жыйым – 48%;
- Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы – 97%

2025-жылдын 12-айындагы Финансы министрлигинен каржыланган трансферттердин суммасы 178 169,2 миң сом, анын ичинен:
- теңдештирүү трансферт 1700,7 миң сом;
- статистин айлык акысы 2601,8 миң сом;
- тоолу жерде жайгашкан элге 50% электроэнергиясын төлөөгө жеңилдетүү 265,7 миң сом;
- Чым-Коргон айыл аймагында жаңы ачылган бала бакчада иштеп жаткан кызматкерлердин айлык каражаты – 2793,1 миң сом;
- Кемин жана Орловка аймагындагы жылуулук берген муниципалдык ишканалардын каражаты – 151 914,1 миң сом.
- Айыл чарба жерлерине тиешелүү жерлерге мүлк салыгы 9 917,6 миң сом;
- Кыймылдуу мүлккө салык 8344,3 миң сом;
- Кенже тейлөө кызматкерлери менен техникалык колдоо кызматкерлеринин (МОП, ТОП) айлык акысы жогорулашы – 631,9 миң сом.

Кемин районунун 2025-жылга мамлекетик бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы 11 572 954,4 миң сом түздү, анын ичинен 11 096 293,9 миң сом республикалык бюджет жана 476 660,5 миң сом жергиликтүү бюджет. **Кемин районунун ири салык төлөөчүлөр:**

- ЖЧК “Алтынкен” – 10 870 713,5 миң сом;
- ЖЧК “Терек Таш” – 47 829,4 миң сом;
- Кемин районунун Билим берүү бөлүмү – 38 474,9 миң сом;
- ЖЧК “Салют Компани” – 24 245,4 миң сом;
- Кемин райондук электр тармактар – 17 297,4 миң сом.

2025-жылдын 12 айында **“Алтынкен” ЖЧКСы** тарабынан 580,1 кг Доре алтын куймасын алган, бул 2025-жылдын 12 айына салыштырмалуу 106,2 % түзгөн. 2024-жылдын 12 айында 546,3 кг Доре алтын куймасын алган.

Кемин районунун ЖӨБОнын 2025-жылдын 12-айындагы чыгаша боюнча бекитилген бюджеттин суммасы 426 207,2 миң сомду түзүп, такталган пландын суммасы 759 035,6 миң сомду түзүп, кассалык чыгымдар 719 408,3 миң сом сарпталды; анын ичинен: 66 432,9 миң сом - айлык акы, 9781,8 миң сом - социалдык фондго төгүүлөр, 4502,7 миң сом - кызматтык иш сапар чыгымдары, 1512,2 миң сом - байланыш кызмат көрсөтүү чыгымдары, 6511,0 миң сом - транспорттук кызмат көрсөтүүлөр, 100 190,2 миң сом - дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу, 34341,2 миң сом - тамак-аш азыктарын алуу, 25 000,3 миң сом - мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар, 14 681,1 миң сом - учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу, 18 328,0 миң сом - көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн алуу, 18 930,0 миң сом - коммуналдык кызматтар, 232 840,5 миң

сом - каржылык эмес мамлекеттик ишканаларга субсидиялар, 23 167,6 миң сом - калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул, 1451,6 миң сом - соттун чечимдерин аткаруу, 5 078,4 миң сом - резервдик фонддор, 148 750,0 – имараттар жана курулуштарга, 5 819,6 миң сом – машиналар жана жабдууларга, 1 087,0 миң сом – башка негизги фонддорго.

Жергиликтүү бюджеттин 2026-жылдын 1-январына калган каражаттардын калдыгы 62 398,4 миң сом. 2025-жылдын 1-январына салыштырмалуу (87 478,3 миң сом) 25 079,9 миң сомго азайды. Каражаттын пайда болгону: - биринчиден жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү ашыгы менен аткарылгандыгына байланыштуу 46 493,8 миң сом, - экинчиден бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн ар бир беренесинен үнөмдөлгөн сумма 3 732,7 миң сом, - үчүнчүдөн бекитилип ишке ашып жаткан долбоорлор аягына чыкпай калган, каражат төлөнгөн эмес 12 171,9 миң сом.

Кемин районунун республикалык бюджеттен каржыланган мекемелердин, 2025-жылдын 12-айындагы суммасы 1 248 301,2 миң сомду түздү. Анын ичинен Кемин райондук мамлекеттик администрациясы – 17 232,8 миң сом, Кемин финансылык башкармалыгы – 5 446,4 миң сом, Кемин райондук салык кызматынын башкармалыгы – 39 140,3 миң сом, Кемин райондук ветеринардык башкармалыгы – 4 645,8 миң сом, Кемин райондук суу-чарба башкармалыгы – 41 277,7 миң сом, Кемин райнунун өнүктүрүү фондусу – 332 288,8 миң сом, Чоң-Кемин мамлекеттик жаратылыш паркы – 16 639,1 миң сом, Кемин райондук маданият бөлүмү – 17 431,9 миң сом, Кемин райондук билим берүү бөлүмү – 572 040,3 миң сом, Кемин райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы – 111 792,3 миң сом, Кемин райондук мамлекеттик администрациясы, коммуналдык тейлөө (электро-энергия) – 16 879,3 миң сом, Кемин райондук саламаттык сактоо мекемелери – 174 139,0 миң сом.

2025-жылы дем берүүчү гранттын эсебинен 8 долбоор ишке ашырылды. Жалпы долбоорлордун суммасы 60 513,4 миң сом, анын ичинен: 39 170,8 миң сом - өздүк салым жана 21 212,6 миң сом - дем берүүчү гранттын эсебинен. 2023-жылдагы ишке ашкан долбоорлодун арасынан Чым-Коргон (Алмалуу) айыл өкмүтүнүн 2 долбоору аягына чыкпай калды. Жалпы каржыланган сумма 24 603,6 миң сом, анын ичинен 11720,9 миң сом - өздүк салым жана 12 882,7 миң сом - дем берүүчү гранттын эсебинен.

1. Кемин мэриясынын “Наристе-Кемин” бала бакчанын имаратын капиталдык оңдоо, долбоордун суммасы 4 798,6 миң сом, өздүк салым 1 999,5 миң сом жана дем берүүчү грант 2 799,2 миң сом.

2.Кемин мэриясынын “Алтын түйүн” жана ДЮСШ имаратын капиталдык оңдоо, аймакты көрктөндүрүү жана тосмо орнотуу, долбоордун суммасы 4 679,7 миң сом, өздүк салым 2 000,0 миң сом жана дем берүүчү грант 2 622,2 миң сом.

3. Кемин шаарынын Бозоев көчөсүнө асфальт төшөө, долбоордун суммасы 7 928,7 миң сом, өздүк салым 5 655,3 миң сом жана дем берүүчү грант 2 2273,3 миң сом.

4. Чон-Кемин айыл өкмөтүнүн Карал-Дөбө айылынын ички жолдоруна кум шагыл төгүү, долбоордун суммасы 3 879,8 миң сом, өздүк салым 1 234,0 миң сом жана дем берүүчү грант 2 645,7 миң сом.

5. Чон-Кемин айыл өкмөтүнүн Тегирменти айылындагы Б.Солтоноев атындагы орто мектебинин тегерегин тосуу, долбоордун суммасы 1 398,3 миң сом, өздүк салым 330,3 миң сом жана дем берүүчү грант 1 068,0 миң сом.

6.Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн Чым-Коргон айылындагы орто мектептин айланасын тосуу жана фасадын оңдоодон өткөрүү, долбоордун суммасы 8 613,8 миң сом, өздүк салым 4 807,0 миң сом жана дем берүүчү грант 3 734,5 миң сом.

7. Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн Алмалуу айылындагы орто мектептин имаратынын чатырын алмаштыруу жана фасадын оңдоодон өткөрүү, долбоордун суммасы 8 498,6 миң сом, өздүк салым 7 048,9 миң сом жана дем берүүчү грант 1 449,7 миң сом.

8. Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн Кызыл-Суу айылындагы орто мектептин имаратын капиталдык оңдоодон өткөрүү, долбоордун суммасы 20 715,9 миң сом, өздүк салым 16 095,8 миң сом жана дем берүүчү грант 4 620,0 миң сом. Долбоорлордун баары 100% аткарылды.

Райондун энергетика тармагына инвестиция тартуу жана “жашыл экономиканы” өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү максатында Кемин райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан энергиянын кайра жаралуучу булактарын куруу үчүн жер тилкелери трансформацияланып, 2025-жылдын 26-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун катышуусунда Кичи-Кемин айыл аймагындагы 161,5 гектар жер тилкесине **“Этернал Энергия” ЖЧКсы** тарабынан кубаттуулу 100 МВт болгон күн электр станциясынын курулуш иштери бүтүп ачылыш аземи болуп өттү. Аталган долбоордун жалпы инвестициясы 56,0 млн АКШ доллар түзүп анын -70% же болбосо 39,2 млн. АКШ доллар сарпталды. Учурда 80 адам иштеп жатат анын ичинен 52 адам Кытай элинин жарандары.

Ак-Түз айылындагы 13,9 га жер аянтына кубаттуулугу 6,0 МВт болгон кичи ГЭСин куруу боюнча “**Энергия Будущего” ЖЧКсы** тарабынан тиешелүү иштер жүрүп жатат. 40% жумуш аткарылып 2,5млн. АКШ доллар сарпталды. Курулуш убагында 20-30 адам иш менен камсыз болот.

Өнөр жай секторун өнүктүрүү максатында «**ЗЭТ Цемент» ЖЧКсы тарабынан** жылына 3200 тонна клинкер жана 1,4 млн. тонна цемент чыгаруучу ири өнөр жай ишканасынын курулуш иштерин баштады. Ишке берилгенден кийин 700 жаңы жумушчу орун түзүлөт, курулуш мезгилинде 300 жумушчу оруну түзүлөт. Бюджетке түшүүлөр 800,0 миң сомдон ашык болот. Тартылган инвестициянын көлөмү 137,6 млн АКШ долларын түзөт. Учурда курулуш убагында 150 адам иш менен камсыз болсо, алардын 106-ы Кытай элинин жарандыры. 2 жергиликтүү субподрядчы иштеп жатат, анын ичинен “Актан Плюс” ЖЧКлары курулуш боюнча, “Димед” ЖЧКсы энергетика боюнча. Завод 2026-жылы ишке киргизилет.

Кемин шаарында **«Учкун ВМ» ЖЧКсы** быйылкы жылы курулушун бүтүрүп, жардыргыч заттарды чыгаруучу заводдун биринчи очереди ишке берилди. Инвестициялардын көлөмү 700,0 млн сомго жакын. 2025-жылдын август айында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун онлайн катышуусунда ачылышы болуп, сентябрь айында расмий адамдардын катышуусунда өндүрүш ишке киргизилген.

“**Агро Куш» ЖЧКсы** Кемин шаардык мэриясынын аймагына жаңы өндүрүштүк жайларды куруу менен иштеп жаткан канаттуулар фабрикасынын комплексин кеңейтүү долбоорун ишке ашыра баштады. 2025-жылы курулуш аянтчасына расмий адамдардын катышуусунда капсула салынган. Учурда инвестор тарабынан инкубатордун курулуш иштери бүтүп, жабдуулар алынып монтаждоо иштери жүрүп жатат. Февраль айында инкубатор ишке берилет. Долбоордун жалпы инвестициясы 1 744,8 млн. сом түзөт. Бүгүнкү күндө долбоордун 25% жумуштары аткарылды.

**Орловка шаарынын** эски казанкананы газоблок чыгаруучу заводго реконструкциялоо иштери жүрүп жатат. Инвестициянын көлөмү 218,0 млн. сомду түзөт.

**Кызыл-Октябрь айыл аймагына “Металлэксперт” ЖЧКсы** тарабынан кубаттуулугу 250-300 миң даана кирпич күнүнө чыгаруучу заманбап кирпич заводунун курулушу башталууда. Тиешелүү техника жана жабдуулар келип баштады.

2026-жылдын экинчи кварталында ишке берилет. Инвестициянын жалпы көлөмү 6,0 млн. АКШ доллар, 40 жаны жумуш орду ачылат.

Кичи-Кемин айыл аймагында **“БН Профи” ЖЧКсы** тарабынан асфальт-бетон жана таш майдалоочу заводдордун курулуш иштери жүрүп жатат. Долбоор координацияланып, уруксаттар алынууда. Жабдуулар жеткирилип монтаждоо иштери жүрүп жатат. Объект 2026-жылдын экинчи кварталында ишке берилет. Инвестициянын көлөмү 700,0млн. сом (өздүк каражат). 15 жумуш орду түзүлөт.

Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү тарабынан Кемин районунун бардык аймагында болгон эски коомдук аялдамалар демонтаждалып, жаңы **коомдук транспорттордун аялдамалары курулду.** Жалпысынан район боюнча 42 коомдук транспорттордун аялдамалары 16,6 млн. сомго курулду. (2024-жылы 23 коомдук транспорттордун аялдамалары, 2025-жылы 19 коомдук транспорттордун аялдама).

Кемин (шаардын борборуна 1,5х3 көлөмүндөгү, маданият үйүнө 7,5х4,5 көлөмүндөгү) 2, 8 млн сомго жана Орловка ( 6х3 көлөмүндөгү 1 млн сомго) LED экран шаарларында орнотулду.

Райондун экспорттук потенциалын жогорулатуу максатында **Чым-Коргон айыл өкмөтүндө 25 гектар** аянтка жүзүм багы эгилип, жалпысынан 50 миң түп жүзүмдүн көчөттөрү отургузулуп, аянт тосулуп, тамчылатып сугаруу системасы орнотулду.) Бардык суммасы 26 330,0 миң сомду түздү.

Жергиликтүү экономиканы колдоо жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо максатында Чым-Коргон айыл өкмөтүндө **11 гектар жерге мал базардын курулуш иштери жүрдү.** Долбоор 50 179,632 миң сомду түзүп, биринчи этапта “Мал базардын” сыртын тозуу, канализация, электрификациясын жазоо, жер аянтынын 50% асфальттоо, 6 навес салуу каралган. Долбоор Кемин районун өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланып, “КыргызСтройСервис” мамлекеттик ишканасы аркылуу ишке ашырылууда.

Жарандардын эс алуу жайларын жакшыртуу, экологиялык абалды жакшыртуу жана социалдык интеграциялоо максатында Кемин шаарында **25,0 млн. сомго «Жаштык» сейил багы курулду**.

Жол инфраструктурасын жакшыртуу максатында **Кемин шаарынын** Ленин көчөсүнө жана тротуарга 1 км, Ладышев, Бакеев 2 км көчөлөрүнө капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлдү.

**Кызыл-Октябрь айыл аймагынын** Кашкелен айылындагы Сматова, Новая көчөлөрүнө 1684 м., Жел-Арык айылындагы Манас, Тынчтык, Жолчулар, Казыбаев көчөлөрүнө 1438м., Дорожное айылындагы Алиева, Шабдан-Ата 840 метр , Жаңы-Алыш айылындагы Сарыпбек, Искак, Керималы 1710м асфальт басылды. Ак-Бекет айылынын тротуарына 1800м. асфальт басылды.

Кемин райондук мамлекеттик администрациясы **Кемин-Сити** шаарынын курулушун ишке ашырууда бирдиктүү заказчы болуп аныкталгандыктан бүгүнкү күндө “Градстройресурс” ЖЧКсы менен бирдикте тиешелүү иш алып барууда. “Градстройресурс» ЖЧКсы тарабынан шаар концепциясынын долбоору даярдалып, Кемин районунда жана андан ары сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына жөнөтүүгө презентация даярдалып жатат.

Кемин райондук чек ара кызматына JAC T8 үлгүсүндөгү автоунаа 2 300,0 мин сомго жана Кичи-Кемин айыл аймагына суу ташуучу автоунаа 3 199,0 миң сомго Кемин районунун өнүктүрүү фондунун эсебинен алынып берилди.

**Шаардын мэриялары жана айыл өкмөт башчылары тарабынан** жалпысынан -- **277 197,1**миң сомго капиталдык жана утурумдук оңдоо иштери жүргүзүлүп, 2024-жылдын ушул мезгилине карата 66,8 % түздү, (2024-жылдын 12 айы **414 788,4**миң сомго) анын ичинен:

| ЖӨБО аталышы | аткарылган иштердин суммасы | | % |
|---|---|---|---|
| | 2024-жыл 12 ай | 2025-жыл 12 ай | |
| Кемин ш. | 119 928,7 | 37 160,0 | 31,0 |
| Орловка ш. | 69 147,6 | 47 285,6 | 68,4 |
| Чым-Коргон а/а. | 58 576,4 | 65 340,3 | 111,0 |
| Кызыл-Октябрь а/а. | 31 259,7 | 90 146,9 | 288,4 |
| Кичи-Кемин а/а. | 60 285,0 | 8 154,2 | 13,5 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Чоң-Кемин а/а. | 75 591,0 | 29 110,1 | 38,5 |
| | **414 788,4** | **277 197,1** | **66,8** |

2025-жылдын 12 айынды район боюнча жалпысынан **667 жаңы жумуш орун** түзүлдү анын ичинен экономиканын формалдуу эмес секторунда 133 жумуш орду.

| **№** | ***ЖӨБО* аталышы** | **Өнөр жай** | **Соода** | **ЖИ кызмат көрсөтүү** | **Экономиканын формалдуу эмес сектору** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кемин шаары | 21 | 78 | 5 | 58 | 162 |
| 2 | Орловка шаары | 228 | 41 | 3 | 22 | 294 |
| 3 | Чым-Коргон а/а | - | 21 | - | 13 | 34 |
| 4 | Кызыл-Октябрь | 15 | 23 | 2 | 12 | 52 |
| 5 | Чоң-Кемин а/а | 12 | 6 | 1 | - | 19 |
| 6 | Кичи-Кемин а/а | 29 | 48 | 1 | 28 | 106 |
| | **Бардыгы** | **305** | **217** | **12** | **133** | **667** |

Райондун **өнөр жай ишканалары** тарабынан 34 010 389,5 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 142,5 %ды түздү. (2024-жыл 12 ай. 23 872 783,2 миң.сом).

Өнөр жай өндүрүшүнүн **физикалык көлөмүнүн индекси** 94,6 пайызды түздү, 2024-жылы 89,1%-ды түзгөн.

**Негизги капиталга инвестициялардын** көлөмү 3 756 851,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 32,5 % түздү. (2024-жылдын 12 айы 11 566 214,6 миң сом). 2025-жылы 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу өсүү темпинин төмөндөшүнүн себеби, 2024-жылы райондо клинкер өндүрүү боюнча ири өнөр жай ишканасы «Терек Таш» ЖЧКсы курулуп, анын инвестициялык көлөмү 2024-жылдын 12 айынын жыйынтыгы менен 11 163 726,7 миң сомду түзгөн.

2025-жылдын январь-декабрь айларында 141 784,1 миң сомго **50 турак жайлары** 6175,1 чарчы метрге курулуп, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине караганда 2,3 эсе көп болду. (2024-жылдын 12 айы 23 турак жай 2680,0 чарчы метрге курулган).

2025-жылга **Кемин районунун өнүктүрүү фонддун** жылдык бюджеттинин сметасы **132 450 000 сомду** жана атайын эсебинин сметасы **96 000 000 сомду** түзөт.
2025-жылга карата бюджеттик эсбинен **29 567 700** сом калдык акча каражаты катары кайтарылган жана атайын эсебинини калдыгы **60 066 416,36** сом, декабрь айында бюджеттик эсебинин сметасы **40 093 300,0** сомго көбөйдү, жалпы фонддун каражаты **358 177 400,0** сомду түздү.

Жалпы смета **358 177 400,0** сом

- Фонддун административдик чыгымдары- 3 % - **4 534 065** сом,
- Экономикалык долбоорлор-50% жогору- **166 662 484,93** сом,
- Кыргыз Республикасынын жарандарын турак жай менен камсыз кылуу боюнча долбоорлор (“МИК” ААК фондунун финансылык каражаттарын берүү)- 1% - **2 284 500** сом,
- Өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу боюнча долбоорлорго-3% - **6 853 500** сом,
- 2024-2025-жылга өтмө долбоорлорду келишимдик карыздын негизинде каржылоого- **152 990 419,0** сом.

Фондду өнүктүрүүнүн акча каражаттары Кыргыз Республикасынын «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» Кодексинин негизинде түзүлөт, 2025 жылга карата Кемин районунун өнүктүрүү фондунун Байкоочу кеңеши тарабынан 2025-жылга карата жалпысынан фонд тарабынан:

| Жылдар | **Каржылоо булактары** | **Жер казынасын пайдалануучулар тарабынан республикалык бюджетке чегерүүлөр** | **20% Жергиликтүү бюджет** | **30% Райондук фонд** | **50% Областук фонд** |
|---|---|---|---|---|---|
| 2024-ж. | **КР финанннсы министрлиги** | | | **29567700** | |
| 2025- ж. | "Алтынкен" ЖЧКсы | 647516966,6 | 129503393,3 | 194255090,0 | 323758483,3 |
| 2025 -ж. | “Кыргыз Темир Жолу” УК МИ | 6833,32 | 1366,7 | 2050,0 | |
| 2025- ж. | "Кум Добо" ЖЧКсы | 205718 | 41143,6 | 164574,4 | |
| 2025 -ж. | "СапатЖолСтрой" ЖЧКсы | 246500 | 49300,0 | 197200,0 | |
| 2025- ж. | “Нью Софт” ЖЧКсы | 253791,16 | 50758,2 | 203032,9 | |
| 2025 -ж. | "Фирма "ЗИНИТ" ЖЧКсы | 1854542,7 | 370908,5 | 1483634,2 | |
| 2025 -ж. | "Кыргыз Ак-Таш" ЖЧКсы | 109078 | 21815,6 | 87262,4 | |
| **Итого поступлений** | | **650193429,8** | **130038686,0** | **196392843,9** | **323758483,3** |

- 2025-жылга карата **катталган** долбоорлордун саны - 95, жалпы суммасы 387 293 067,1 сом, фонддон суралган сумма 326687642,1 сом.
- 2025-жылга карата фонд тарабынан каржылоого бекитилген экономикалык долбоорлордун саны - 8 жалпы суммасы 89 500 000 сом, фонддон суралган сумма 89 500 000 сомду түзгөн. 2025-жылдын 31 декабрь айына карата фонд тарабынан жалпысынан **333 324 969,9** сом акча каражаты сарпталган.

2025-жылга карата фонд тарабынан каржылоого бекитилген Социалдык жана инфраструктуралык долбоорлордун, жалпы суммасы 179 548 259 сом акча каражаты сарпталган.

5долбоор өзгөчө кырдаалдарга багытталган долбоорго 1 304 528 сом сарпталган,

2025-жылга карата фонд тарабынан каржылоого бекитилген 7 экономикалык долбоордун 7 долбоору 65 000 000 сомго каржыланган.

Муниципалдык ишканаларга 14 936 129 сом каржыланган.

КР МК тескемесинин негизинде 44 578 100 сом “Чым-Коргон а/о мал базар куруута” каржыланган.

Атайын техника сатып алууга 23 999 854 сом каржыланган.

Жарандарга 283 800 сомго социалдык жардам көрсөтүлгөн.

Фонддун административдик чыгымдары 2025-жылдын декабрь айына карата 3 674 300 сом сарпталган.

2026-жылга өтүүчү акча каражаттарынын калдыгы жүргүзүлгөн анализдин негизинде **33 300 017,5** сомду түзөт.

**Транспорт жана байланыш.** 2025-жылдын 12 айында 375,6 миң тонна жүк ташылып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 5,9 эсе көп болду.

Автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташуу көлөмү – 3069,0 миң адамды түзүп, 1,8 эсе көп болду.

2025-жылдын 12 айында автомобиль транспорту менен ташылган жүктөрдүн көлөмү 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,9 пайызга өсүү менен 375,6 миң тоннаны түздү.

2025-жылдын 12 айында автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташуу көлөмү 3069,0 миң адамды түзүп, 1,8 пайызга өстү.

**№32- Жол тейлөө ишканасы** тейлей турган жолдорунун узундугу 361 чакырым анын ичинен: эл аралык жолдор 48 чакырым, мамлекеттик жолдор 153 чакырым, жергиликтүү жолдор 160 чакырым.

Жолдордун категориясы

II – категория 65,0 км.

III – категория 20,0 км.

IV- категория 238,0 км

V- категория 55,0 км.

Район боюнча бардыгы 35 даана көпүрө, 297 даана труба жана 11 даана турак үй бар.

2025-жылдын 12 ай ичинде аткарылган иштер – **57698,15 мин сомду** түздү, анын ичинде: Кышкы тейлөө – 11996,5 мин сомго, күндөлүк жумуштар 18342,1миң сомго, жайкы тейлөө 313,0 мин сомго жана ортоо ондоо 14478,9 мин сомго аткарылды.

Капиталдык салымдар эсебинен **80356,6 мин сомго**

Чүй-көпүрө-Бейшеке-Боролдой автожолунун асфальт бетон төшөө иштери 0,680 чакырым - 4223,0 миң сомго, Чүй-көпүрө-Бейшеке-Боролдой автожолунун 1,320 чакырым асфальт бетон төшөө иштери – 8053,0 миң сомго, Кемин-Ильич-Ак-Түз автожолунун 2,0 чакырым асфальт бетон төшөө иштери – 13014,8 миң сомго, Ак-Түз айылы Э.Арсалиев атындагы көчөсүнө (1,0 чакырым), Я.Алиев атындагы көчөсүнө (1,0 чакырым) бардыгы 2 чакырымга асфальт төшөө иштери – 23716,9 миң сомго төшөлдү. Дорожный – Чолок- Боом 13+500 чакырым таяныч дубал калыбына келтирүү иштери бүткөрүлдү - 11706,1 мин сомго аткарылды (аткаруучу ОсОО "Протект Строй" ЖЧКсы). Дорожный - Чолок - Боом унаа токточу жай (Рест-Поинт) – 19642,8 мин сомго бүткөрүлдү ( аткаруучу "Квалитет КейДжи" ЖЧКсы).

Кыргызавтожол-Тундүк" мамлекеттик ишканасынын **№34-Жол тейлөө ишканасы** боюнча бардыгы 62,1 чакырым автожол тейлейт, анын ичинен эл аралык мааниде жолдор - 7 чакырым, мамлекеттик мааниде -30,1 чакырым, жергиликтүү мааниде – 25 чакырым.;

Эл аралык мааниде :

1. Бишкек-Балыкчы-Нарын-Торугарт- Кытай Эл Республикасынын чек арасы (айланып өтмө ) 83 чакырымдан 90 чакырымга чейин -7 чакырым;

Эл аралык мааниде:

2. Бишкек-Балыкчы-Нарын-Торугарт- Кытай Эл Республикасынын чек арасы (айланып өтмө ) 83 чакырымдан 90 чакырымга чейин -7 чакырым;

Мамлекеттик мааниде :

1. Орловка-Чым-Коргон – 14 чакырым;
2. Орловка-Маданият-Шамшы 0 -10 чакырымга чейин -10 чакырым;
3. Орловка-Жаны-Алыш - 6,1 чакырым

Жергиликтүү мааниде:

Орловка-Талдыбулак-Окторкой - 25 чакырым.

2025-жылдын 12 ай ичинде **26657,8 миң сомго** иштер аткарылды, анын ичинде:

Орто ондоо жумуштары 18 760,5 мин сомго, учурдагы ондоо иштери- 5410,9 миң сомго, жайкы тейлөө иштери 150,6 миң сомго, кышкы тейлөө иштери – 2335,8 миң сомго аткарылды.

Капиталдык салымдардын беренесинен аткарылган жумуштун суммасы 14768,5 миң сомду түздү, анын ичиндн Орловка-Маданият-Шамшы автожолунун 6-7,957 чакырымдарына 1,957 чакырым узундукта 14 768,5 миң сомго асфальт жабуусу төшөлдү. Орловка-Чымкоргон автожолунун 2,8-чакырымдан 4,5 -чакырымга чейин 1,7- чакырымга асфальт төшөлдү. Жогоруда аткарылган жумуштун лабораториялык анализдеринин жыйынтыгы чыга элек.

**“Кыргызтелеком» ачык акционердик коомунун** Чүй облустук филиалынын Кемин райондук бөлүмү 2025-жылдын 12 айында кабыл алынган финансалык план 110 пайызга аткарылды. Жалпы киреше 31,8 млн. сомду түздү. Интернет кызматынан пайдалангандардын саны 01.01.2026-жылга 4955 даанага жеткирилди. 2025-жылдын ичинде Кайынды, Ак-Түз жана Тар-Суу айылдарында жарандарды Интернет тармагына кошуу иштери аяктады. Жылтыр участкасындагы “Этернал Энергия” ЖЧКсына оптико волокондук линия тартылып, интернет желесине кошулду жана башка жаны обьектилер интернет менен камсыз болууда. Самансур, Чым - Коргон айылдарындагы мектептерге, Алмалуу айылындагы бала бакчага видео камералары орнотулду. Орловка шаары жана Боролдой айылындарына GPON жаңы интернет станциясы коюлуп, элди жаңы станция менен Интернет желесине которуу, кошуу иштер башталды. Кыз-Куйоо айылында онлайн понарамалык видеокамера орнотулуп, бул дүйнө жүзүнө Боом капчыгайынын кооздугу көрсөтүлүүдө. Бул иш туристтерди келишине түрткү болот.

2025-жылдын 12 айында **Кемин райондук электр тармактары** 17 бөлүштүрүү тармактарын ыкчам тейлөө көмөк чордондорунда жургүзүлөт, ал көмөк чордондордон 6/10 кВольт 70 фидер чубалгысы чыгат. Электр чубалгыларынын жалпы узундугу - аба чубалгы 6/10кВ- 410,93 км, аба чубалгы 0,4 кВ-537,78 км жана кабельдик чубалгы 10/0,4-10,9 км түзөт.

2025-жылдын 12 айында лимиттик планы 188921,8 миң кВт/саат болсо, иш жүзүндө 178 497,3- миң кВт/саат электр энергиясын керектелинип, үнөмдөө 10 424,5 миң кВт саат электр энергиясын түздү.

Жалпы жоготуулар 7,7 % түздү (план 8,1%).

2025-жылдын 1-январына дебитордук карыз 4063,6 миң сом болсо 2026-жылдын 1-январына

2025-жылдын 1-январына карата дебитордук карыз 46 140,0 миң сом түзгөн, 2026-жылдын 1-январына дебитордук карыз 1676,4 миң сомду түздү, бул “Орловка жылуулук берүү” муниципалдык ишканасынын карызы.

**Кемин району боюнча айыл чарба тармагы.**

Кемин району боюнча бардык айдоо аянты 27455 гектар, анын ичинен 3192 жер кайрак, 24263 га сугат жер. Анын ичинен 5212,85 га жер аянты Айыл чарба мамлекеттик фондунун жерлери.(ГФСУ)

2025-жылга карата төмөндөгү айыл чарба өсүмдүктөрү жыйналды. ( 2024ж карата салыштырмалуу таблица тиркелет).

**Кемин районунун 2024-2025жж. айыл чарба өсүмдүктөрүнүн оруп жыйноо иштеринин салыштырмалуу жыйынтыгы тууралу маалымат**.

| № | Өсүмдүктүн аталышы | 2024ж | | | 2025ж | | | + , - | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жыйналуучу аянт-план (га) | Түшүмдүүлүк-факт (ц/га) | Дүң жыйым-факт (тонна) | Жыйналуучу аянт-план (га) | Түшүмдүүлүк-факт (ц/га) | Дүң жыйым-факт (тонна) | Жыйналуучу аянт-план (га) | Түшүмдүүлүк-факт | Дүң жыйым-факт (тонна) |
| 1. | Бардык кылкандуу дан эгин (жүгөрү менен) | 11688 | 36,8 | 43059 | 11792 | 27,0 | 32123 | +104 | -9,8 | -10936 |
| 2. | Бардык-кылкандуу дан эгин (жүгөрүсүз) | 9839 | 30,0 | 29591 | 9737 | 15,8 | 15402 | -102 | -14,2 | -14189 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3. | Бардык-буудай | 1621 | 30,4 | 4931 | 1392 | 15,0 | 2083 | -229 | -15,4 | -2848 |
| 4. | Бардык-арпа | 8178 | 30,0 | 24548 | 8314 | 15,9 | 13257 | +136 | -14,1 | -11291 |
| 5. | сулу | 40 | 26,7 | 112 | 31 | 20,0 | 62 | -9 | -6,7 | +50 |
| 6 | Дан жүгөрү | 1849 | 72,8 | 13468 | 2055 | 81,4 | 16721 | +206 | +8,6 | -3253 |
| 7 | Жүгөрү силоско | 619 | 366,2 | 22669 | 779 | 377,9 | 29440 | +160 | +11,7 | +6771 |
| 8 | Кант кызылча | 850 | 712,6 | 60567 | 884 | 541,9 | 47901 | +34 | 170,7 | -12666 |
| 9 | Бардык-май өсүмдүктөрү | 24 | 18,2 | 44 | 111 | 19,7 | 219 | +87 | +1,5 | +175 |
| 10 | картөшкө | 1061 | 172 | 18249 | 658 | 190,9 | 12562 | -403 | +18,9 | -5687 |
| 11 | жашылча | 225 | 140 | 3150 | 238 | 162,4 | 3865 | +13 | +22,4 | +715 |
| 12 | Бахчи | 7 | 85,7 | 60 | 3 | 198,3 | 59 | -4 | +112,6 | -1 |
| 13 | Жер жемиштер | 334,7 | 37,3 | 1248 | 331,7 | 38,1 | 1265 | -3 | +0,8 | +17 |
| 14 | Жаны себилген көп жылдык чөп | 2869 | 55 | 15765 | 1735 | 55,8 | 9674 | -1134 | +0,8 | -6091 |
| 15 | Көп жылдык чөп | 9545 | 101,1 | 96529 | 10604 | 101,2 | 107285 | +1059 | 0,1 | +10756 |

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы №448 токтому менен бекиген” Кыргыз Республикасынын үрөнчүлүк чарбаларына мамлекеттик дотация берүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонунун негизинде 2025-жылдын жазгы айдап себүүсүнө дотация аркылуу 70% дыйкандар , 30% мамлекет төлөө менен райондун дыйкан фермерлери женилдетүү менен үрөндөр үрөнчүлүк чарбалар аркылуу берилген, 178030 тонна буудай, арпа жана 1 185,40 тонна жүгөрү үрөндөрүн алып себишкен.

2026-жылдын түшүмүнө карата 537га (14%) жер аянтына күздүк буудай себилип, 2237 га жер аянтында тоңдурма айдалды.

**Сугат суу :** Кемин районуна караштуу 27158 га жер бар, анын ичинен 19427 га жер чарба аралык каналдардан сугат суу менен камсыз болот. Суу чарба башкармалыгына тиешелүү чарба аралык каналдардын жалпы узундугу 70,5 км. суу өлчөгүч 46 даана, 1 даана «Жылтыр» насостук станция бар. Район боюнча 14 даана суткалык жөнгө салуучу көлмө бар, анын ичинен 6 суткалык жөнгө салуучу көлмө КРСЧ башкармалыгынын балансында (4 даана суткалык жөнгө салуучу көлмө 2025-жылы балanska алынды).

**2025-жылы** мамлекеттик бюджеттин эсебинен 16522,635 миң сом каралган, анын ичинен: “Сарбос каналын 1,1 км бетондоо иштери пландалган сметалык баасы 8317,3 миң сомду түзөт, аткарылышы 1,1 км, же 5862,987 миң сом. Мутан каналына бетондук полотно төшөө 1,045 км пландалган сметалык баасы 1213,246 миң сом (3610 м2 полотно 9355,46 миң сом баасында Суу ресурстары тарабынан камсыздалды), аткарылышы 1,1 км жер жумуштары толугу менен бүттү, полотно 0,438 км (1519 м2) төшөлдү суммасы 706,882 миң сом. 2024-жылдан калган кредитордук карыз 413,3 миң сом которулуп берилди.

“Жылтыр насостук станциясына тетиктерди алууга жана атайын техникаларды оңдоого 500,0 миң сом пландалган аткарылышы 477,770 миң сом.

**Атайын каражаттан** капиталдык оңдоо иштерине 426,8 миң сом каралган бекитилген смета 229,2 миң сом, аткарылышы 153,5 миң сом,

- Каналдарды оңдоо план 29,9 км аткарылышы 29,9 км.
- Механикалык тазалоо план 8,2 км аткарылышы 8,2 км.
- Суу бөлүштүргүчтөрдү оңдоо план 21 даана аткарылышы 21 даана.

**Капиталдык салымдар боюнча**: Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин Төрагасысынын орун басары-министр Б.Э. Төрөбаевдин № 662 тапшырмасына ылайык, суу ресурстарын үнөмдүү пайдалануу үчүн тамчылатып жана жамгырлатып сугаруу системаларын орнотууга Чым-Коргон айыл өкмөтү менен 38,6 га жер тилкесине келишим түзүлгөн. Жалпысынан мамлекеттик бюджеттен 3111 беренесине 11794,4 миң сом каржыланган, анын ичинен ОсОО "Береке-аграрная инженерия" менен тамчылатып сугаруу шаймандарын орнотуу боюнча 6802,702 миң сом, тосмо тозуу иштерине тетиктери менен жалпысынан 1952,51 миң сом, электроснабженияга 1588,575 мин сом, пуско- наладка 34,670 мин сом, Суу топтоочу жай жана суу түтүкчөлөрүн орнотууга 1072,368 миң сомго орнотулду, ОсОО ТехноПроект 42,279 мин сом, Кемин архитектура 9,032 мин сом, ЧП Якубенко 2,0 мин сом. Учурда насостун үстүн жабуу иштери жүрүп жатат, сметалык баасы 277,366 миң сом аткарылышы 277,245 миң сом.

**Кемин району боюнча дыйкандар** тарабынан жалпысынан 69,2 га тамчылатып сугаруу системасы орнотулган; анын ичинен 25 га жүзүм, 7,7 га малина, 1,5 га кулпунай, 25 га алма, 10,2 га жашылча жемиштер .

**Райондо ички чарбалар** аралык каналдарын жалпы узундугу 554 км анын ичинен жер арык 403 км. Г-блоктон 71,97 км. Монолит 4 км. Лоток менен капталган 65,4 км. 2025-жылга сугат мезгили башталганга чейин оңдоп-тазалоо иштерине каралганы механикалык тазалоо 178,5 км аткарылышы 178,5 км. Кол менен тазалоо план 49,8 км. аткарылышы 49,8 км. Суу курулмаларды оңдоо 6 даана аткарылышы 6 даана.

Район боюнча 10 ички СЖСК бар анын ичинен Истам жана Шабдан СЖСК механикалык тазалоодон өткөзүлдү.

**Суу пайдалануу боюнча**

**2025-жылга** Суу чарба башкармалыгы 5 Муниципалдык ишкана жана 2 жеке ишкер, менен сугат суусун камсыз кылууга 105,0 млн.м3 келишим түзүлгөн, анын ичинен;
МП Кызыл-Октябрь, МП Тазалык Кемин шаары, МП Элдик, МП «Орловский водоканал» МП «Боролдой».

Чарбалар аралык каналдар боюнча сугатка суу алуу план 149,653 млн. м3 аткарылышы 184,318 млн. м3 124 % . Сугатка суу берүү план 136,56 млн м3 аткарылышы 164,595 млн м3 же 121%.

Чарбалар аралык каналдар боюнча сугатка суу берүү план 105,0 млн м3 аткарылышы 128,697 млн. м3 же 123 %, сугат нормасы 6,2 м3/га түзөт. Сугарылган аянт жалпысынан 79,83 мин га , анын ичинен жазгы ным топтоо 0,170 мин га, себүү алдындагы сугат 1,929 мин га, күздүк ным топтоо сугат 3,1миң га. Биринчи сугат 16,649 мин га, экинчи сугат 57,987 мин га, анын ичинен:

| № | Өсүмдүктөрдүн аталышы | Себилген аянт миң га | 1 сугат миң га | 2-3 сугаттар Миң га |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Дан эгиндери | 7,389 | 3,217 | |
| 2 | Көп жылдык чөп | 10,028 | 4,593 | 25,491 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Дан жүгөрү | 2,055 | 1,583 | 8,220 |
| 4 | Кант кызылча | 0,884 | 0,884 | 2,6 |
| 5 | Жашылча | 0,899 | 0,899 | 4,9 |
| 6 | Кулпунай | 0,003 | 0,003 | 0,016 |
| 7 | Малина | 0,01 | 0,008 | 0,05 |
| 8 | Мөмө жемиштер | 0,220 | 0,220 | 0,7 |
| 9 | Май өсүмдүктөрү | 0,1 | 0,1 | 0,1 |
| 10 | Төө буурчак | 0,023 | 0,023 | 0,023 |
| 11 | Башка өсүмдүктөр | 5,119 | 5,119 | 15,887 |
| | Баардыгы | 26,728 | 16,649 | 57,987 |

2025-жылы сугат суусун камсыз кылуу кызматы боюнча 5537,5 миң сомго кызмат көргөзүлдү, чогултулганы 5183,558 миң сом карыз 432,136 миң сом (МП кызыл-Октябрь 432,136 миң сом), Жылтыр насостук станциясы боюнча сугатка суу алуу план 4,8 млн м3 аткарылышы 3,7 млн м3. Сугатка суу берүү план 4,2 млн м3 аткарылышы 3,7 млн м3. Колдонулган кубаттуулук 1784 кВт/час акча каражаты 4649,7 миң сом.

**Капиталдык салымдар боюнча**: Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин Төрагасысынын орун басары-министр Б.Э. Төрөбаевдин № 662 тапшырмасына ылайык, суу ресурстарын үнөмдүү пайдалануу үчүн тамчылатып жана жамгырлатып сугаруу системаларын орнотууга Чым-Коргон айыл өкмөтү менен 38,6 га жер тилкесине келишим түзүлгөн. Жалпысынан мамлекеттик бюджеттен 3111 беренесине 11794,4 миң сом каржыланган, анын ичинен ОсОО “Береке-аграрная инженерия” менен тамчылатып сугаруу шаймандарын орнотуу боюнча 6802,702 миң сом, тосмо тозуу иштерине тетиктери менен жалпысынан 1952,51 миң сом, электроснабженияга 1588,575 мин сом, пуско- наладка 34,670 мин сом, Суу топтоочу жай жана суу түтүкчөлөрүн орнотууга 1072,368 миң сомго орнотулду, ОсОО ТехноПроект 42,279 мин сом, Кемин архитектура 9,032 мин сом, ЧП Якубенко 2,0 мин сом. Учурда насостун үстүн жабуу иштери жүрүп жатат, сметалык баасы 277,366 миң сом аткарылышы 277,245 миң сом.

**Мал чарбасы.**

**2025- жылга карата Малдын саны боюнча маалымдама**

| Жаныбарлардын түрү | Жылдар | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 2025-ж | Өсүү темпи % | 2026-ж | Өсүү темпи % |
| Ири мүйүздү мал | 27790 | 100,7 | 27843 | 100,2 |
| Анын ичинен уй | 14220 | 101,2 | 14384 | 101,2 |
| Кой, эчки | 103558 | 101,0 | 103896 | 100,3 |
| Чочко | 49 | 122,5 | 52 | 106,1 |
| Жылкы | 13537 | 104,3 | 13757 | 101,6 |
| Үй канаттулары | 58525 | 123,0 | 80685 | 138,0 |

Таблицадан көрүнүп тургандай бодо малдын саны жалпысынан өзгөргөн жок, бирок уйлардын саны 1% өстү. Ошондой эле кой-эчкинин саны өткөн жылдын деңгээлинде калып өсүш 0,2% түздү. Райондо чочколордун саны өтө аз болгону 52 баш, 3 баш кошулуп өсүш 106,1% түздү. Жылкы баласы былтыркы жылга карата 220 башка көбөйдү өсүшү 101,6% түздү. Үй канаттууларынын саны 22160 башка көбөйүп өсүш 138% ды түздү. Бул эки тоок фермасын киргизүүнүн натыйжасында болгон.

Кемин районунун аймагында 2 асыл тукум фермасы бар булар: Чон-Кемин айыл өкмөтүндө жайгашкан «Биздин Максат» Кыргыз тоо меринос койлорун баккан чарба. Бул чарбада бардыгы 330 кой, анын ичинен 270 тубар 10 кочкор, жана 50 токту бар. Жылда ар бир койдон 3,3 кг жүн кыркылып алынат, жана 50-60 козулар сатылат.

Ошондой эле Кичи-Кемин айыл өкмөтүндө «Береке- Кемин» асыл тукум чарбасында Симентал тукумундагы уйлар багылат. Ал чарбада 55 уй жана 15 кунаажын багылат. Ар бир уйдан 18-20 литр сүт саалат.

Район ичинде 1 үрөнчүлүк чарба бар, ал "Кызыл-Октябрь" үрөнчүлүк чарбасы. Үрөнчүлүк чарба дотация менен жана өздүк үрөндөр менен дыйкандарды камсыздайт.

**2025- жылдын аягына карата мал чарбасынын өндүрүлүшү**

| Азык-түлүк өндүрүм аталышы | Өлчөм | 2024-ж. 12-айында | 2025-ж. 12-айында | Өсүү темпи % |
|---|---|---|---|---|
| Эт | тонна | 6099,4 | 6470,3 | 106 |
| Сүт | тонна | 44813,1 | 45716,3 | 102 |
| Жумуртка | миң даана | 6143,8 | 7187,8 | 117 |
| Жүн | тонна | 277,8 | 283,4 | 102 |

Таблицадан көрүнүп тургандай жумуртка өндүрүү кескин түрдө көбөйдү, бул Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүндө эки тоок фермасынын иштеши менен шартталган.

**Жайыт**

Кемин райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы маалымдайт. Кемин району боюнча жайыттардын аянты 174073 га. Анын ичинен айыл өкмөттөрүнө карамагында 131744га жайыт жер бар, калган 42329га «Чон-Кемин» мамлекеттик жаратылыш парктын карамагында турат. Жайыт инфраструктурасын жакшыртуу үчүн айыл өкмөтүнүн муниципалдык ишканалары тарабынан ушул 2025-жылы жайыттарды пайдалануудан 6 млн 470 миң сом чогултуу каралган. Иш жүзүндө 6 млн 892 миң сом чогултулду.Бул пландан 422 миң сомго көп. Жыйналган каражаттан жайыттардын инфраструктурасын оңдоого 2 млн. 772 миң сом жумшалып, анын ичинен 210 км жолду оңдоого, 11 көпүрө курууга, ошондой эле 4 малды сугаруучу жайларын калыбына келтирүүгө жумшалган.

Ошондой эле Суу ресурстары айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги тарабынан жайыттарды жакшыртуу максатында берилген жайыт үрөнү 97 га кунарсыз жайытка себилди.

**Ветеринария.** Кемин райондук ветеринария мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют башкармалыгынын карамагында 4 ветеринардык инспектор, 12 жеке менчик ветеринардык сервис, 1 ветеринардык санитардык экспертиза жүргүзүү боюнча лобаратория, 2 ветеринардык дарыкана иштейт.

Кемин району боюнча бодо малдын эмдөө планында 2025-жылдын 12-айына карата 26020 уйдан кан алына турган болсо факт боюнча 26845 баштан кан алынып аткарылышы 103% түздү. Ошондой эле 1365 баш майда жандыктан, бруцеллез, эпидидимит, хладимиозго, пландалса иш жүзүндө 1951 баштан кан алынган же болбосо план 142,9% аткарылды. Жылкы баласынан бруцеллезго жана башка жугушту ылаңдарын аныктоо боюнча кан алынып серологиялык ыкма менен 4120 баш текшерилип планы 125% аткарылды.

2025-жылдын 12-айында 437339 баш мал аргандай эмдөөдөн өттү. Мисалы айтсак: ири мүйүздүү малга: 15103 баш уй торпок кара санга, 46777 баш шарп ылаңына, 23220 баш сибир кулгунасына, 15355 баш нодулярдуу дерматитке,1060 баш кара өпкөгө эмделди. Ошондой эле майда жандыктарга брадзот ылаңына каршы 6862 башка, күл ылаңына каршы 29754 башка, кара өпкө оорусуна каршы 66522 башка, бруцеллез ылаңына каршы 29634 башка, жана токту козуларга көзгө тамчылатуу ыкмасы аркылуу Рев-1 вакцинасы менен эмдөө өткөрүлдү.

Райондо 9 балык чарба 115 көлмөсүү менен, 44 аары чарбасы 1242 бал челектери менен, 47675 баш үй канаттуулар бар.

Бүгүнкү күндө Кемин районунун аймагында пилоттук долбоор катары кой-эчкилердин идентификациялоосу өтүлүүдө. Идентификациялоодон өткөн малдын саны 29327 баш кой эчкиге кулак биркалар тагылып, маалымат бирдиктүү базасына киргизилди.

**Жер мунапыс**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 291 «Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомдун негизинде Кемин райондук жерге мунапыс берүү комиссиясы 2025-жылдын 31декабрына карата:

- бардыгы 347 арыз түшкөн, анын ичинен:
- 275 арыз өн каралды;
- 72- арыз бүгүнкү күндө комиссиянын кароосунда четке кагылды;
- 176 -субъектке мамлекеттик актылар берилген;
- коомдук маалымдоодо турган арыздар жок;
- комисссиянын кароосунда турган арыздар жок;
- Баардык трансформация кылыңган жердин аянты 26,4га.

**Саламаттыкты сактоо тармагы**

Тейленген калктын жалпы саны – 58409 (2024-ж. - 55096) адам. Камсыздалган 45941 (2024-43295) адам.

**Төрөлгөн балдар**

Район боюнча төрөлгөн балдардын саны- 692 (2024-ж. -786).

| № | Айыл аймак | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|
| 1. | Кемин шаары | 170 | 122 |
| 2. | Орловка шаары | 165 | 143 |
| 3. | Чым-Коргон а/а | 120 | 115 |
| 4. | Кызыл-Октябрь а/а | 96 | 88 |
| 5. | Кичи-Кемин а/а | 148 | 107 |
| 6. | Чон-Кемин а/а | 87 | 117 |
| | **Жалпы** | **786** | **692** |

**Наристе өлүмү**

1 жашка чейинки балдардын өлүмүнүн саны – 3 (2024-ж. -3) перинаталдык патологиянын кесепетинен.

| № | Район/ шаар | 1 жашка чейинки өлгөндөр (абс) | |
|---|---|---|---|
| | | **2024** | **2025** |
| 1. | Кемин | 3 | 3 |
| **Район боюнча:** | | - | - |

**Энелердин өлүмү**

2025-жылдын жыйынтыгы менен эне өлүмү катталган эмес.

| № | Район/шаар | Өлгөн абсолюттук саны | |
|---|---|---|---|
| | | **2024-ж.** | **2025-ж.** |
| 1. | Кемин | - | - |
| **Район боюнча:** | | - | - |

**ВИЧ-инфекциясы тууралуу**
Кемин районунда 2024-жылдан 2025-жылдын жылдын жыйынтыгы менен ВИЧ-инфекциясын жуктурган 73 адам катталган (2024-ж.-69). Бул мезгилде 2 адам каза болгон. Учурда “Д” реестринде ВИЧ инфекциясы бар 59 бейтап бар (2024-ж.-55). 2025-жылдын жылдын жыйынтыгы менен 1678 жаран текшерүүдөн өткөн.
**Кургак учук тууралуу**
Район боюнча – 43 учур катталган (2024-ж.-32), анын ичинен 34 жаңы катталган. Кургак учуктун очокторунан 1 учур (2024-ж.- 2 учур) катталган.
Кемин районунун калкынын кургак учук оорусу туруктуу деңгээлде. Учурда 43 бейтап (2024-ж. – 25) даарылanууда.

**Бруцеллез**
Жылдын жыйынтыгы менен 27 учур катталган (2024-ж-16 учур) салыштырмалуу 11 учурга көп.

**Кутурма**
Жылдын жыйынтыгы менен 127 учур катталган, (2024-ж-98 учур) салыштырмалуу 29 учурга көп.

| № | Айыл аймак | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|
| 1. | Кемин шаары | 26 | 47 |
| 2. | Орловка шаары | 14 | 20 |
| 3. | Чым-Коргон а/а | 16 | 21 |
| 4. | Кызыл-Октябрь а/а | 11 | 12 |
| 5. | Кичи-Кемин а/а | 16 | 12 |
| 6. | Чон-Кемин а/а | 6 | 11 |
| | **Жалпы** | **98** | **127** |

**Кадрдык маселе**
Кемин району боюнча дарыгер 31 (2024-ж. -40), 180 орто билимдүү медициналык билими бар кызматкерлер эмгектенет (2024-ж. - 177). Жетишпеген дарыгерлдердин жалпы саны 32 (2024-ж. -24), (кардиолог, эндокринолог, гинеколог, анестезиолог-рениаматолог, хирург, психиатр, семейный врач ж.б.).

**Инвестиция тартуу**
1. Кемин райондук өнүктүрүү фондунан 221 миң сомго ЖДПБнун рентген кабинетин оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлгөн.
2. JAIKA долбоору тарабынан рентген стационардык санариптик, көчмө рентген аппарат, 2 ИВЛ аппарат, 2 при кроватный монитор реанимацияга, 2 автоклав, хирургиялык лампа, электрокогулятор, хирургиялык набор, заманбап УЗИ аппарат, 2 центрифуга, гемотологиялык анализатор, биохимиялык анализатор робот.
3. Жаш адистерди тартуу максатында ооруканaнын аймагында бош турган инфекция бөлүмүнүн эски имаратын дарыгерлер үчүн турак жай катары пайдаланууга, капиталдык оңдоого 18 млн 600 миң сомго долбоордук-сметалык документтер даярдалды. Тиешелүү келишимдерге кол коюлуп, 2026-жылдын 12-январында курулуш-оңдоо иштери башталды.

**Ишке берилген саламаттык сактоо имараттары**
3 саламаттык сактоо мекемеси ишке берилген.

| № | Жайгашкан жери | Каржылоо булагы | Ишке берилген мөөнөтү |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Чым-Коргон айыл аймагынын Борду айылына ФАП куруу | Кемин райондук өнүктүрүү фонду долбоору – 6,9 млн. сом | 2025-жыл |
| 2 | Кызыл-Октябрь айыл аймагынын Кашкелең айылына ФАП куруу | "АРИС" долбоору – 3,6 млн. Сом, жергиликтүү бюджет – 1,8 млн. Сом. | 2025-жыл |
| 3 | Кичи-Кемин айыл аймагынын Жол-Булак айылына ФАП куруу | "Ас-Сафа" Араб фонду аркылуу (карж. булагы көрсөтүлгөн эмес) | 2025-жыл |

**Курулуп жаткан саламаттык сактоо мекемелери**

| № | Жайгашкан жери | Каржылоо булагы | Ишке берилген мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Кемин шаарындагы ЖДБ төрөт үйүн куруу | Демөөрчүлөр тарабынан - 116 млн | 2026-жыл ичинде |

<u>**Социалдык коргоо**</u>

**Пенсия алуучулар тууралуу**

Кемин районунун аймагында жалпысынан – 9163 пенсия алуучулар жашайт (2024-жылда 8942 пенсионерди түзгөн) 221 пенсионерге көбүрөөк. Пенсия төлөө боюнча карыздар жок.

**Мамлекеттик жөлөкпул алуучулар тууралуу**

Мамлекеттик социалдык жөлөкпул алуучулардын саны– 1028 адам (2024-жылы – 1029 адам), өткөн жылга салыштырмалуу 1 адамга аз.

Балдары бар, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ай сайын берилүүчү "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпул алуучулардын саны 6 үй-бүлөнү түздү же болбосо 20 бала (2024-жыл – 19 үй-бүлө, 76 бала), өткөн жылга салыштырмалуу – 13 үй-бүлөгө аз.

**Социалдык контракт тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү" №385 токтомун ишке ашыруу максатында комиссия тарабынан Кемин району боюнча жалпы 175 жакыр жана аз камсыз болгон үй-бүлөгө социалдык контракт өз алдынча иш ачуу үчүн, жылдарга алсак:

- 2022-жылы жалпысынан 50 үй-бүлөгө берилген;
- 2023-жылы жалпысынан 15 үй-бүлөго берилген;
- 2024-жылы жалпысынан 65 үй-бүлөгө берилген;
- 2025-жылы жалпысынан 45 үй-бүлөгө берилген.

| № | Район | Соц. контракт түзүлгөндөр дүн саны | Мал чарба | Тигүүчү чүлүк | Соода | Такси кызма тына | Ашкана | Жана башка |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кемин | 175 | 138 | 22 | 5 | 1 | 0 | 6 |

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар тууралуу**

Кемин району боюнча ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 1827 адам жашаганы аныкталган, анын ичинен 18 жашка чейинки балдар – 282;

Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жылдын жыйынтыгы менен 43 санатордук-курорттук жолдомо жана 5 кресло-коляска берилген.

| № | Район/ шаар | ДМЧАлардын жалпы саны | Анын ичинен 18 жашка чейинки балдар | Бала кезинен 1,2,3 топтогу ДМЧАлар | 1,2,3 топтогу жалпы оорусу боюнча каттоодо тургандардын саны | | Пандустардын саны | Иштеп жаткан ДМЧАлардын саны | Иштеп жаткан ДМЧ балдардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | РЭСК МБ | Соц. фонд | | | |
| 1 | Кемин | 1827 | 282 | 440 | 93 | 1012 | 69 | 383 | 0 |

**Жаш өспүрүм балдар тууралуу**

Чүй облусу боюнча 1-18 жашка чейинки балдардын саны 17 433 түзгөн. Тоголок жетим балдардын саны 45, жарым жетим балдардын саны 624. Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок балдардын саны 2.

2026-жылга 1-январына карата 15769 үй кыдырылып, балдардын маалымат базасы жаңыртылган.

**Турмуштук оор кырдаалга кабылган балдар тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы №449 токтому менен бекитилген, балдар иштери боюнча комиссиясы жөнүндө типтүү Жобого ылайык, тиешелүү иштери жүрүп жатат.

2025-жылдын жылдын жыйынтыгы менен 29 комиссиянын отуруму өткөрүлгөн, Ошондой эле, 140 балдар жана 16 үй-бүлө менен иштөө жеке иш планы бекитилген, 156 бала жана 7 үй-бүлө каттоодон чыгарылган.

Кемин району боюнча турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөрдүн саны – 16 (2024-ж. – 16 үй-бүлө), жаш өспүрүм балдардын саны - 141 (2024-ж. – 114).

**Зордук зомбулука кабылгандар тууралуу**

Үй-бүлөлүк зордук-зомбулука кабылган фактылардын саны - 194 (2024-ж.-240) салыштырмалуу -46га аз.

| № | Район | Үй-бүлөлүк зордук зомбулука кабылган фактылар | | Зордук зомбулука кабылган жаш өспүрүм балдар | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 2024-жыл | 2025-жыл | 2024-жыл | 2025-жыл |
| 1 | Кемин | 240 | 194 | 11 | 7 |

**Жаш өспүрүм балдар арасында өзүнө кол салуу тууралуу**

| № | Район | Жаш өспүрүм балдар арасында өзүнө кол салып каза болгондор (суицид) | | Жаш өспүрүм балдар арасында өзү өзүнө кол салууга аракет кылгандар (попытка суицид) | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 2024-ж. | 2025-ж. | 2024-ж. | 2025-ж. |
| 1 | Кемин | 0 | 3 | 1 | 1 |

**Жардам көрсөтүү**

Жыл ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендерге, турмуштун оор кырдаалында тургандарга, аз камсыз, жакыр үй-бүлөлөргө жана жалгыз бой ата-апаларга азык-түлүк, кир жуучу каражаттар түрүндө жалпы 622 үй-бүлөгө жардам берилди.

1. 2025-жылдын 30-январында “Смарт Дженерейшн” коомдук фонду тарабынан 30 үй бүлөгө. (Кемин ш., Орловка ш., Кичи-Кемин а/ө, Чым-Коргон а/ө, Кызыл-Октябрь а/ө, Чоң-Кемин а/ө)
2. 2025-жылдын 11-мартында Коомдук Кайрымдуулук Фонд "Абийир" тарабынан 15 үй бүлөгө. (Кемин ш., Орловка ш., Кичи-Кемин а/ө, Чым-Коргон а/ө, Кызыл-Октябрь а/ө, Чоң-Кемин а/ө)
3. 2025-жылдын 12-мартында Конова Елена Константина тарабынан 12 үй-бүлөгө. (Кемин ш., Орловка ш., Кичи-Кемин а/ө, Чым-Коргон а/ө)
4. 2025-жылдын 27-мартында “Кызыл жарым ай коому” тарабынан 10 үй-бүлөгө ваучер менен азык-түлүк берилди. (Кемин ш., Орловка ш., Кичи-Кемин а/ө, Чым-Коргон а/ө, Чоң-Кемин а/ө).
5. 2025-жылдын 29-мартында Кемин ОсОО ресурс групп тарабынан 110 үй бүлөгө (Чоң-Кемин а/ө).
6. “Учкун ВМ” ЖЧК тарабынан 150 үй-бүлөгө. (Кемин ш., Орловка ш., Кичи-Кемин а/ө, Чым-Коргон а/ө, Кызыл-Октябрь а/ө, Чоң-Кемин а/ө).
7. Кыргыз Республикасынын Президентинини Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан 170 үй-бүлөгө азык-түлүк, көмүр берилди(Кичи-Кемин а/ө, Чым-Коргон а/ө, Чоң-Кемин а/ө).
8. ОсОО “Алтынкен” тарабынан 125 үй-бүлөгө азык-түлүк берилди(Кемин ш., Орловка ш., Кичи-Кемин а/ө, Чым-Коргон а/ө, Кызыл-Октябрь а/ө, Чоң-Кемин а/ө).

Кемин райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында 2-чейрекке карата “Келечекке салым” мамлекеттик балдар депозитин ачуу үчүн 64 бала катталган. Анын ичинен 52 балага депозиттик эсептер ачылып камкорчулары менен балдарга тааныштырылды. 2006-жылы туулган 1 бала үй салууга жер тилкесин сатып алган, 1 бала окууга контракт төлөгөнгө 14 000 (он төрт миң) сом алган жана 1 бала тишин дарылоого 90 000 (токсон миң) сом алган.

Ошондой эле, Кемин шаарынын кичи районунда “Ас-Салам” Араб коомдук кайрымдуулук фонду тарабынан 90 батир капиталдык оңдоодон өткөрүлүп, ДМЧАга, томолой жетимдерге жана саламаттыкты сактоо кызматкерлерине пайдаланууга берилди. Мындан тышкары дагы батирлерде капиталдык оңдоо-түзөө иштери улантылып жатат.

## **Кемин райондук калкты паспорттоштуруу жана каттоо бөлүмүнүн аткарылган иштери**

2025-жылдын жылдын жыйынтыгы менен 1575 күбөлүк берилген (2024-ж-2208) 633 күбөлүккө аз. Анын ичинен:

| № | Аталышы | 2024-ж | 2025-ж | +/- |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Туулгандыгы тууралу күбөлүк | 1083 | 738 | -345 |
| 2 | Никеге туруу боюнча | 374 | 256 | -118 |
| 3 | Никени бузуу жөнүндө | 215 | 135 | -80 |
| 4 | Каза болгондугу тууралу | 420 | 367 | -53 |
| 5 | Аты жөнүн өзгөртүү боюнча | 116 | 79 | -37 |
| | Жалпы | **2208** | **1575** | **-633** |

2025-жылдын жылдын жыйынтыгы менен **жарандык паспорт алуу үчүн 2979 жаран арыз беришкен.**

## **Маданият тармагы**

Жалпы жыл ичинде райондук- 150, айыл аймактарда -1300 иш-чара уюштурулду, ошондой эле район тарабынан 2-республикалык маанидеги, 2-облустук маанидеги иш-чарага катышты.

**Китепкана тармагы**

| № | Аталышы | 2024-жыл | 2025-жыл | +/- |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Китепканалардын саны | 26 | 26 | - |
| 2 | Окурмандардын саны | 11737 | 16050 | 4313 |
| 3 | Окурмандарга берилген китеп | 201676 | 281970 | 80294 |
| 4 | Жалпы китеп фонду | 238077 | 238576 | 499 |

**Маданият бөлүмүнүн көйгөйлөрү:**

1. Райондук майрамдарды өткөрүү үчүн үн көтөргүч аппараттын жоктугу;
2. Атайын кесиптик мугалимдердин жетишсиздиги /фортепиано, кыл кыяк, скрипка, үйлөмө аспаптар.

**Оңдоп-түзөөдөн өткөрүү**

Жалпы оңдоп түзөө 4445,9 миң сомго өткөрүлдү.

1. Кызыл-Октябрь айыл аймагына караштуу Ак-Бекет айылында маданият үйү капиталдык оңдоп түзөөдөн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 3798,3 миң сомго өткөрүлдү.
2. Кызыл-Октябрь айыл аймагына караштуу Дорожное маданият үйү капиталдык оңдоп түзөөдөн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 131,4 миң сомго өткөрүлдү.
3. Орловка шаарына караштуу Подгорный маданият үйү кезектеги оңдоп түзөөдөн(шып, дубал) жергиликтүү бюджеттин эсебинен 516,2 миң сомго өткөрүлдү.

**Билим берүү тармагы**

Бардыгы-57 билим берүү мекемеси бар. Анын ичинен 30 мектеп, 25 мектепке чейинки билим берүү уюмдары, 1 балдар жана өспүрүмдөр борбору, 1 мектеп - интернат иштейт.
Жалпы билим берүү орто мектептеринде 844 мугалим, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында 131 тарбиячы эмгектенет. 2026-жылдын 1-январына карата 17 мугалим жетишпейт.

**Олимпиада, ЖРТ**

2024-2025-окуу жылына карата республикалык мектеп окуучуларынын олимпиадасынын экинчи этабы райондук олимпиадага мектептерден 244 окуучу катышып, 23 окуучу республикалык мектеп окуучуларынын олимпиадасынын үчүнчү этабына өтүп, алты окуучу байгелүү орун алышып, эки окуучу биринчи орунду багындырып, республикалык олимпиададан 1 окуучу 2 орунду ээледи.

**Курулуп жаткан бала бакчалар**

| № | Мекеменин аталышы (толук маалымат) | Канча оорунду | Каржылоо булагы | | | Курулуштун башталышы | Эксплуатацияга берүү мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Ж/Б | Р/Б | Башка булактар (кайсы булактан) | | |
| 1 | Ак-Бекет айылы | 100 | ЖБ 56,0 млн сом | | Кемин өнүктүрүү фонду 3,8 | 2024-ж | 2026-жыл |
| 2 | Ильич айылы | 100 | | 114,0 млн | | 2024-ж | 2026-жыл |
| | **Бардыгы:** | | **56,0** | **114,0** | **3,8** | | |

**2025-жылы тегерек чети тосулган мектептер**

| № | Мектептин аты | Ж/Б | Стим. гран | Кемин өнүктүрүү фонду | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Кемин №1 ЖББОМ | 3,0 млн | | 3,207 | Фасад,огрожд |
| **2** | Кемин №2, Кемин №3 ЖББОМ | | | 4,860 | **ограждение** |
| **3** | Жаңы-Алыш ЖББОМ | 1561,7 | | | |
| **4** | Чым-Коргон ЖББОМ | | 3806,8 | | |
| **5** | Тегирменти ЖББОМ | | 1300,0 | 330,266 | |
| | **Бардыгы** | **1564,7** | **5106,8** | **338,333** | |

**Капиталдык ремонттон өткөн мектептер**

| № | Мектептин аталышы | Ж/Б | РБ | Стим.гран | Өнүктүрүү фонд |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Кызыл-Суу ЖББОМ | | | 4620,0 | 16095,9 |
| **2** | Алмалуу ЖББОМ | | | 1449,7 | 7911,5 |
| **3** | Кыз-Байрак ЖББОМ | | 12317276 | | |
| | Бардыгы | | **12317276** | **6069,7** | 24007,4 |

**Капиталдык ремонттон өткөн бала бакчалар**

| № | Бала бакчанын аталышы | Ж/Б | Дем.гран | Өнүктүрүү фонд |
|---|---|---|---|---|
| **1** | “Наристе Кемин” МЧББУ | | 2299,0 | 1999,4 |
| **2** | “Ак-Гулдөр” МЧББУ | | | 448,7 |
| | **Бардыгы** | | **2299,0** | **2448,1** |

**<u>Спорт тармагы</u>**

2025-жылдын жылдын жыйынтыгы менен спорт мектебинин окуучулары төмөндөгүдөй ийгиликтерди көрсөтө алышты:

| № | Мелдеш түрү | Катышуучулар саны | Жеткишкен орундар саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Азия чемпионаты | 5 бала | 5 орун |
| 2 | Эл аралык мелдеш | 240 бала | 48 орун |
| 3 | Республикалык мелдеш | 191 бала | 44 орун |
| 4 | Облустук мелдеш | 210 бала | 30 орун |
| 5 | Райондук мелдеш | 300 бала | 54 орун |

Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 30-апрелиндеги “Чүй облусунун аймагында футболду өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө” №158-буюрмасын ишке ашыруу максатында Кемин райондук мамлекеттик администрациясы 2024-жылдын 7-майында №140-тескемеси кабыл алынып, 2025-жылдын жылдын жыйынтыгы менен 18 футболдук турнир өткөрүлгөн.

**Эксплуатацияга берилген спорттук объектилер**

| № | Мекеменин аталышы | Каржылоо булагы | | | Жалпы суммасы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Ж/Б | Р/Б | Башка булактар (кайсы булактан) | |
| 1 | Кара-Булак айылы кичи футбол аянтчасы | | | Кемин өнүктүрүү фонду 3,2 млн | 3,2 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Кемин Перевал База футбол аянтчасы | | | Кемин өнүктүрүү фонду 4,4 млн | 4,4 |
| 3 | Кичи-футбол аянтча Жол-Булак айылы | | | Кемин райондук өнүктүрүү фонду 3,2 млн.сом | 3,2 |
| 4 | Кичи-футбол аянтча Самансур | | | Демөөрчүлөр | |
| 5 | Кичи-футбол аянтча Борду | | | Демөөрчүлөр | |
| 6 | Кичи-футбол аянтча Алмалуу | | | Демөөрчүлөр | |
| 7 | Кичи-футбол аянтча Жаңы-Алыш | | | Демөөрчүлөр | |
| 8 | Кичи-футбол аянтча Дорожное | | | Демөөрчүлөр | |
| 9 | Кичи-футбол аянтча Алтымыш | | | Демөөрчүлөр | |
| 10 | Кичи-футбол аянтча Бейшеке | | | Демөөрчүлөр | |
| 11 | Кичи-футбол аянтча Ак-Түз | | | Демөөрчүлөр | |
| 12 | Кичи-футбол аянтча Нур | | | Демөөрчүлөр | |
| 13 | Кичи-футбол аянтча Кайыңды | | | Демөөрчүлөр | |
| 14 | Кичи-футбол аянтча Төрт-Күл | | | Демөөрчүлөр | |
| | **Бардыгы** | | | | **10,8** |

**2025-жылы курулуп жаткан спорт мекемелери**

| **№** | **Мекеменин аталышы (толук маалымат)** | **Каржылоо булагы** | | | **Курулуштун башталышы** | **Эксплуатацияга берүү мөөнөтү** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Ж/Б** | **Р/Б** | **Башка булактар** | | |
| 1 | Спорткомплекс Кызыл-Октябрь | 24,0 млн. сом | | | 2022-жыл | 2026-жыл |

**<u>Кемин районундагы парктар жана балдар аянтчалары боюнча:</u>**

Кемин району боюнча жалпы 43 балдар аянтчасы жана 10 парк бар. Жыл ичинде 1 парк ишке берилген (Кемин шаары Жаштык паркы) жана 1 парк жаңыланган (Кемин шаары Жениш паркы).

**Балдар аянтчалары боюнча кемчиликтер**:

| **№** | **Жайгашкан жери** | **Жалпы саны** | **Оңдоп түзөө талап кылынат** | **Тосмосу жок** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кемин шаары | 10 | 4 | 3 |
| 2 | Орловка шаары | 7 | | 4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Кызыл-Октябрь а/а | 10 | 4 | 1 |
| 4 | Кичи-Кемин а/а | 12 | 4 | 4 |
| 5 | Чон-Кемин а/а | - | | |
| 6 | Чым-Коргон а/а | 4 | - | - |
| | **Жалпы** | **43** | **12** | **12** |

**Воркаут аянтчалар**

| **№** | **Жайгашкан жери** | **Жалпы саны** | **Курулуп жаткандар** |
|---|---|---|---|
| 1 | Кемин шаары | 7 | |
| 2 | Орловка шаары | 3 | 1 |
| 3 | Кызыл-Октябрь а/а | 2 | |
| 4 | Кичи-Кемин а/а | 4 | 1 |
| 5 | Чон-Кемин а/а | 1 | 1 |
| 6 | Чым-Коргон а/а | - | |
| | **Жалпы** | **17** | **3** |

**Кыргыз почтасы**

**Почта байланыш объекттери:** 21 байланыш бөлүмү (ББ), Калкты тейлөө борборунун (КТБ) 1 кассасы жана башкы кеңседеги 1 камсыздандыруу бөлүмү.

**Капиталдык оңдоо**

1. "Кемин 1" байланыш бөлүмүн капиталдык оңдоо Кемин өнүктүрүү фонду эсебинен толугу менен капиталдык оңдоо 2 417,0 мин сомго жасалды.
2. Башкы кеңсенин жылытуу системасын капиталдык оңдоо Кемин өнүктүрүү фонду эсебинен 728,0 мин сомго аткарылды.

Жалпы суммасы 136 577,2 миң сомду түзгөн пенсиялар жана социалдык жөлөкпулдар өз убагында жана толук көлөмдө төлөнүп берилди. Жеткиликтүү тутумдар аркылуу жалпы суммасы 4066,9 миң сомду түзгөн ички жана эл аралык акча которуулар жүзөгө ашырылды.

**Агенттик кызматтар (төлөмдөрдү кабыл алуу)**

- МАИ айыптары: 2326 төлөм кабыл алынды.
- КТБ (ЦОН) кызматтары:7694 төлөм кабыл алынды.
- Камсыздандыруу: Милдеттүү камсыздандыруу боюнча төлөмдөр кабыл алынды: Турак-жайды милдеттүү камсыздандыруу (ТМК) – 17(159) полис, ОСАГО – 141.

**Аткаруучулук тартип:**

2025-жылдын 12 ай ичинде Кемин райондук мамлекеттик администрациясына 15938 документ кириш чыгыш болгон, 6769 документ аткарууга келип түшкөн, жарандардан 251 кайрылуу келип түшкөн, 5768 документке жооп берилген, 472 документ аткарууда. 4977 документ контролго алынган.

Келип түшкөн 6120 документтен, 270 ченемдик укуктук актылар, жогору турган органдардан 4789 кат келген. 5785 документ өз мөөнөтүндө аткарылды, узак мөөнөттүү документтерди эске алуу менен 472 документ аткарылууда. 2025-жылдын 12 айына карата мөөнөтүнөн өтүп жабылган 1 документ катталды (2024-жылдын 12 айына карата 125 документ мөөнөтүнөн өтүп жабылган).

Отчеттук мезгилде Кемин райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан бардыгы болуп 12 токтом, 438 тескеме кабыл алынган, алардын ичинен өздүк курам боюнча 76, 12 коллегиянын чечими кабыл алынган.

2025-жылы  райондук мамлекеттик администрация тарабынан 8726 документ жөнөтүлгөн.

2025-жылдын 4 кварталы үчүн 15938 документ кириш-чыгыш болгон анын ичинен кириш 7212.

Отчеттук мезгилде Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясынын 4 отуруму болуп өттү, анда бардыгы болуп 12 маселе каралды жана тиешелүү түрдө 12 чечим кабыл алынды, алар аткаруу үчүн шаарлардын мэрлерине, а/о башчыларына, райондун жетекчилерине жеткирилди.

Райондук мамлекеттик администрация тарабынан аткаруучулук тартипти жогорулатуу боюнча иштер үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турат. Райондук мамлекеттик администрация башчысынын алдындагы аппараттык кеңешмелерде аткаруучулук тартип жөнүндө маалымат угулат. Азыркы учурда ыкчам кеңешмелер зарылдыгына жараша өткөрүлүп жатат.

Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын жооп берүүчүлөрү тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген иш кагаздарын жүргүзүү жана аткаруу тартибин жогорулатуу, иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманы сактоо боюнча айыл өкмөттөрүнүн жооптуу катчыларына, райондук түзүмдүк бөлүмдөрдүн иш кагаздарын жүргүзүүчүлөрүнө туруктуу негизде практикалык жардам көрсөтүлүп турат.

2025-жылдын 3 кварталында райондук мамлекеттик админитсрация тарабынан текшерүү жүргүзүлүп, жыйынтыгында тиешелүү кызматкерлерге тартиптик чаралар көрүлгөн.

Кемин райондук мамлекеттик администрациясы Кыргыз Республикасынын 04.05.2007 ж №67 "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" мыйзамын аткаруу үчүн " Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө "Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2014-жылдын 21-январындагы №12-р "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн айрым буйруктарына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө", 2014-жылдын 05-мартындагы №98 "жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" буйруктарын аткаруу максатында тиешелүү иштер жүргүзүлүүдө.

Райондук мамлекеттик администрация башчысынын, Аппарат жетекчисинин алдындагы аппараттык кеңешмелерде жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндө маалымат угулат.

Жарандардын ыңгайлуулугу жана мамлекеттик администрацияга арыздарды кабыл алуу үчүн бардык зарыл шарттар түзүлгөн.

2025-жылдын 4 квартал  ичинде Кемин райондук мамлекеттик администрациясына кароого  251 жарандын кайрылуусу келип түшкөн,

Кемин райондук мамлекеттик администрациясында жарандардын электрондук кайрылуулары калк тарабынан электрондук почтанын дарегине жөнөтүлөт keminrgaoo@mail.ru. электрондук байланыш аркылуу  кайрылуу келип түшкөн жок.

Жарандардын кайрылууларын өз убагында кароо боюнча тандоо жүргүзүлөт жана райондук мамлекеттик администрация башчысынын алдындагы аппараттык кеңешмеге киргизилет.

Жарандардын кайрылууларын кароого Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын жетекчилиги тарабынан  коомдук кабылдамага 2025-жылдын 14-январында №14-т тескемеси кабыл алынып, график түзүлгөн. 2025-жылдын 4 кварталына карата Коомдук кабылдамага 30 жаран ар түрдүү маселелер менен кайрылган.

2025-жылдын 4 кварталына карата Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын жетекчилигинин жеке кабыл алуусуна  91 жаран кайрылган.

Жыйынтыгында 63 жарандын кайрылуусу оң жагынан чечилди, 28 жаранга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Кайрылуулардын каттоосу катчы аркылуу жүргүзүлүп

жеке карточкалар ачылып, тиешелүү кызматкерлерге тапшырмалар берилип, аткарылган соң жетекчилик тарабынан көзөмөлдөн алынат. Ар бир арыз аткарылгандан кийин раймамадминистрациянын жетекчилиги тарабынан каралат, көзөмөлдөн чыгарылат жана жооп кат түрүндө арыз ээсине тапшырык кат менен же кол койдуруу менен жеткирилет.

**ӨКМнин Кемин райондук бөлүмү:** 2025-жылдагы Жарандык коргонуу даярдык планынын негизинде төмөндөгү окутуу машыгуулар өткөрүлдү:

Кемин району боюнча 1 Штабдык машыктыруу,1-Штабдык окутуу, 0-Объектик машыктыруу, 1-Атайын-тактикалык машыгуу, 5 Комплекстик текшерүү. Жалпы 2025-жылдын 12 ай ичинде ар кандай 1 окутуу, 3 машыгуу, 5 Комплекстик текшерүү, машыктыруулар өткөрүлдү.

Кемин районунун аймагында 2025-жылдын 12-ай ичинде өзгөчө кырдаал катталган жок (2024-жылы 1 катуу шамал, 1 суу каптоо коркунучу, 4 сел каптоо). 2025-жылдын 15-июнь күнү саат 15:20 чамасында Кемин районунун аймагында жааган жамгырдын кесепетинен тоодогу коктулардан аккан шагыл таш аралашкан сел суусу, Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнө караштуу Кыз-Күйө айылынын күн батыш тарабынан суулар агып, Бишкек-Нарын-Торугарт 131-128 чакырымындагы автоунаа жолун каптап, унаалардын өтүшүнө кыйынчылык жараткан.Тартылган күч жана каражаттардын жардамы менен Бишкек-Нарын-Торугарт жолу толук тазаланган.

Кемин районунун аймагында өзгөчө кырдаалдарды жана өрт коопсуздугун алдын алуу максатында калк арасында жана мекеме-уюмдарда жалпысынан 1468 адамга окутуулар жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн.

Өзгөчө кырдаалдарга кол тийгис акча каражаты боюнча:

-Кемин шаарынын мэриясы акча-каражаты 336000сом.
-Орловка шаарын мэриясы акча-каражаты 248000 сом.
-Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү акча-каражат 110500 сом.
-Кичи-Кемин айыл өкмөтү: акча-каражат 40000 сом.
-Чон-Кемин айыл өкмөтү: акча каражат 100000 сом.
-Чым-Коргон айыл өкмөтү: акча каражат 162000сом.

Жалпысынан 996500 сом каражат каралган.

2025-жылга жергиликтүү органдарга 10 эскертме берилип, эскертмелер өз убагында аткарылды.

2025-жылдын 16-майында Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин “Атайын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу” иш-чаралар мерчеминде Кемин районундагы Чоң-Кемин айыл аймагына караштуу Тар-Суу айылындагы күн чыгыш тарабындагы Куранды коктусундагы сел өтүүчү каналын узундугу 840 метр, көлөмү 2920,8 м3 тазалоо жана кеңейтүү иштери жүргүзүлгөн.Кемин райондук Өзгөчө кырдаалдар бөлүмү, 2025-жылга киргизилген “Жашыл доллбоорун” ишке ашыруу максатында, Кемин районунун Чу дарыясынын кооптуу тилкесине жана жээк бекемдөө иштерин жүргүзүүгө, 150 даана кара жыгач, 150 даана терек, 100 даана өрүк жана 180 даана турпан көчөттөрүн отургузулган. Отургузулган жогорудагы көчөттөрдү мал-жандыктардан сактоого зым тосмосун орнотуу боюнча иш-чаралары жүргүзүлгөн.

Өрт коопсуздугу боюнча иш-чаралар:

өрттүн саны: 166 (2024-ж. 40);
-өрттөн каза болгондордун саны: 1 адам, жабыркаган 1 адам; (2024-ж. 0);
-материалдык баалуулук: 7087286 сом (2024-ж. 2265867 сом);
-өрт кырсыгынан сакталып калган буюмдар: 48520000 сом
-жол кырсыктардын саны: 10 (2024-ж. 7);
-жол кырсыктардан кайтыш болгондордун саны: 13 (2024-ж. 3);
-жол кырсыктардан жабыркагандардын саны: 9 (2024-ж. 7);
-сууга чөгүп кеткендердин саны: 5 (2024-ж. 3);
-көчкүдө каза болгондордун саны: 0 (2024-ж. 0);.

**Кемин райондук ИИБнүн** Кемин райондук ИИБдин күнүмдүк иши калк менен тыгыз байланышта анын кеңири катмарына таянуу менен жүргүзүлүп келет.

2025 – жылдын 12 ай ичинде коомдук тартип жана жарандардын коопсуздугун камсыздоо, кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча жетекчилик жана уюштуруу тартибиндеги Кемин РИИБдин жүргүзүп жаткан иш-чаралары белгилүү натыйжаларды берди.

2025-жылдын 12 ай ичинде Кемин районунун аймагында отчеттук жылда 277/259 (+18) кылмыш иши өндүрүштө, анын ичинен ачылганы – 259/231 (+28), өндүрүштө калган 18\28 (-10), кылмыштуулуктун ачылган пайызы – 93,5% 89,2% (+4,3).

Кылмыш иликтөө багытында Кемин районунун аймагында отчеттук жылда 149/168(-19) кылмыш иши өндүрүштө, анын ичинен ачылганы – 135/147(-12), өндүрүштө калган –14\21(--7), кылмыштуулуктун ачылган пайызы –90,6%/87,5% (+3,1)

2025-жылдын 12-айында баардыгы 10505 турак жайлар жана 31489 жаран текшерилди, (район ичинде стат.боюнча 52282) пайыздык көрсөткүч 60,2 % түзөт. (2024-жылдын 12-айында 12110 турак жайлар жана 47232 жаран текшерилген) (-1605 турак жай жана -15743 жаранга аз текшерилди).

2025-жылдын 12-айында жалпы коомдук жайда-17 кылмыш катталган, (2024-жылдын 12 айында коомдук жайда-17 кылмыш каталган) коомдук жай (-0) баардыгынын бети ачылган, ачуу пайызы 100% .

2025-жылдын 12-айында үй-бүлөлүк зомбулуктун катталган учурлары (ЖУИ) – 194, анын ичинен эркектерге карата-12; аялдарга карата-170, жашы жете элек балдарга карата-8 (2024-жылдын 12-айында ичинде-244 (-50).

2025-жылдын 12-айында берилген убактылуу коргоо ордерлери-190 (2024-жылдын 12-айынын ичинде-189 (+1).

2025-жылдын 12-айында үй-бүлөлүк зомбулуктун негизинде кылмыш ишин козгогон-1 (2024-0).

2025-жылдын 12-айында үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча бардыгы болуп-48 протокол түзүлгөн. (2024-жылдын 12-айынын ичинде-53 (-5).

2025-жылдын 12-айында Кемин районун аймагында 142 ЖК катталган, каза болгондор 38, жаракат алгандар 247 адам. Былтыркы жылдын салыштырмасында ЖК 119 +19.3% (пайыз) көбөйдү, каза болгондордун саны 18 +111,1%(пайыз) көбөйдү, жаракат алгандардын саны 275 -10.18% (пайыз) көбөйдү.

Жаш өспүрүмдөр кырсыгы боюнча 2025 жылдын 12-айында 30 жол унаа кырсыгы катталган, каза болгодор 2, жаракат алгандар 42.Былтыркы жылга салыштырмалуу +20%(пайыз) жогоруу жол унаа кырсыгы катталган, каза болгодор +200%(пайыз) жогоруу, жаракат алгандар +24%(пайыз).

Кемин райондук ички иштер бөлүмүнүн ишмердүүлүгү 2024-жылы жалпы көрсөткүч боюнча 89% болсо, 2025-жылы 93%га көтөрүлүп, Чүй облусу боюнча алдыңкы сапка чыкты.

**Аткаруучулар:**

**Экономика жана өнөр-жай секторунун жетекчиси** **Ж. Б. Урдолетова**

**Социалдык саясат секторунун башчысынын милдетин аткаруучу** **Ж.У. Дуйшекеева**

**Структурадан тышкаркы бөлүмчөсүнүн башкы адиси** **С. С. Таманбаева**

**Агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башкы адиси** **М. С. Нурдинов**